**Зулпуев Ашим Зулпуевичтин "Жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери" деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

XXI кылымдагы ааламдашуу процесси жаштарга билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарын, улуу муун менен кичүү муундун өз ара алака-катышын, кийинки муунга билим жана тарбия берүү иш-чараларын, усул-формаларын жаңылоону гана талап кылбастан, жалпы адамзат коому боюнча бирдей (глобалдуу) билим берүү зарылдыгын да күн тартибине коюп отурат. Кыргыз элинде калыптанган педагогикалык көрөңгөлөрдү окутуу процессине аралаштыруу менен катар эле, дүйнөлүк билим берүүдө иштелип чыккан, өзүнчө билим берүү концепциясы, же теориясы катары практикадан өткөн илимий-практикалык иштерди, педагогикалык-дидактикалык ой-корутундулардын алгылыктууларын пайдалануу учурдун талабы экендиги талашсыз.

Муну натыйжалуу жүзгө ашыруу үчүн мугалим өзүнүн үйрөтүү ишмердүүлүк табиятын илгерилетүү жана адабий-дидактикалык булактардын негиздерин тереңдетүүсү зарыл. Дал ушул өңүттөн алып караганда, талкууга коюлуп жаткан докторлук диссертацияны толук колдоого болот. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде иштелбеген маселелер жыш. Ошондой маселелердин бирине, б.а., кыргыз адабиятында улуттук баалуулуктарды анын ичинде Манас таануу курсун окутуунун методикасына арналып, ишенимдүү илимий-теориялык жыйынтыктарды чыгаргандыгы менен аталган эмгек дөөлөттүү касиетке ээ болуп турат.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№.......... «08» 02 2020ж/г

“Манас” эпосу – кыргыз салт билимдеринин казынасы, энциклопедиясы. Бул багытта кыргыз илимпоздору, изилдөөчүлөрү бир топ кызыктуу иликтөөлөрдү жүзүгө ашырып, маанилүү эмгектерди жарыялаганы көпчүлүккө маалым. “Манас” эпосун уялаган медициналык, географиялык, техникалык, социал-саясий билимдер аздыр-көптүр талдоого, аныктоого алынып, жамандыр-жакшыдыр иреттелип жатканын белгилешибиз керек.

Манас таануу курсун окутууда учурдагы ааламдашуу мезгилинде жаштардын аң-сезимине көөнөрбөс бай мурастарыбызды сиңирүү, эс тутумун өстүрүү, мекенге болгон сүйүүнү калыптандыруу, улуттар аралык ынтымакты бекемдөө жана Ата Мекенге кызмат кылуу идеялары каралган. Ошондуктан азыркы учурда педагогика илиминде Манас таануу курсун окутууну жайылтуу менен анын натыйжалуулугун арттыруу үчүн жаңы багыттарды издөө, дүйнөлүк тажрыйбаларды окутуунун жүрүшүндө пайдалануу муктаждыктан улам талап кылынып отурат.

Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, 4 главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен уюштурулган.

Киришүүдө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты менен милдеттери аныкталып, илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, жумушчу божомолу (гипотезасы), изденүүчүнүн жеке салымы, педагогикалык эксперименттин базасы, эксперименттик иштин этаптары, илимий иштин материалдарынын илимий-практикалык конференцияларда баяндама жана макала түрүндө жарыяланышы тууралуу сөз болгон.

Диссертациянын биринчи главасы жогорку окуу жайларындагы “Манас таануу” курсунун обьекти, предмети, түзүлүшү, мазмуну, максат-милдеттери жана теориялык негиздери, эпостун изилденишинин, жыйноо, жаздыруу, китеп түрүндө басып чыгаруунун тарыхы жана аны ЖОЖдордо окуп-үйрөнүүнүн учурдагы абалы, эпостун варианттары жана манасчылык өнөр тууралуу маалыматтардын адабий-теориялык, илимий-методикалык

маанисини параграфтарынан туруп, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутулуп жаткан Манас таануу курсун окутуунун мазмуну, окутуудагы жетекчиликке ала турган теориялык маселелер, курстун структурасы берилген. Жогорку окуу жайларындагы Манас таануу курсунун мазмуну, максат-милдеттери жана анын теориялык негиздери тууралуу да сөз болгон. Ошондой эле эпостун изилдениш тарыхы: аны эл арасынан жыйноо, жаздыруу, басмадан чыгаруу маселелери, эпостун варианттары жана манасчылык өнөр тууралуу маалыматтардын адабий-теориялык жана илимий-методикалык маселелери да каралган.

Эпостун изилденишинин, жыйноо, жаздыруу, китеп түрүндө басып чыгаруу тарыхы жана аны ЖОЖдордо окуп-үйрөнүүнүн учурдагы абалы параграфынын 37-бетинде: "Эпосту изилдеген окумуштуулар "Манасты" кыргыз турмушунун "Көркөм энциклопедиясы" деп аташып, анын кеңири мазмунуна, терең идеясына, бийик деңгээлине жогору бааларын беришкен. Аталган окумуштуулар тарабынан бүгүнкү күнгө чейин абдан көп эмгектер чыкканын, ал эмгектердин курамында манасчылардан жазылып алынган "Манас" эпосунун варианттары, ал варианттардын ыр жана кара сөз түрүндөгү тексттери, илимий баяндамалар, илимий изилдөөлөр, докладдар, макалалар, доктордук жана кандидаттык диссертациялар, окуу китептери, методикалык колдонмолор, дил баяндар, ой толгоолор бар"- деп илимий баалуу пикирлерди сунуштаган.

Диссертациянын 60-бетинде: "Манас" эпосу – кыргыздын өмүр, өлүм, эл, Ата Мекен жөнүндөгү философиясынын, этикалык бийик идеалдарынын, адеп-ахлактык чен-өлчөмдөрүнүн, руханий асыл-нарктарынын алтын казынасы. "Манас" эпосу – кыргыздын нечендеген муундарынын даанышман акыл-эсинин каймагы. Ал философиялык бийик жалпылоолордун эпосу. Ушунун бардыгы "Манаста" көркөм поэтикалык форма аркылуу берилген"- деген ойду айтуу менен "Манас" эпос эмес, андан да жогору турган төгөрөк аалам сыяктуу деген өзгөчөлүү концепцияны тартуулаган.

Экинчи глава “Жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору менен принциптери” деп аталып, Республиканын жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуунун педагогикалык жана методикалык негиздерин ар тараптан караган диссертациялык изилдөөдө үч ири жана маанилүү маселелер каралган. Алгач диссертациялык изилдөөнүн обьектиси, предмети жана изилдөөнүн материалдары, Манас таануу курсун окутууну изилдөөнүн жана окутуунун методдору, принциптери, формалары жана каражаттары тууралуу сөз болуп, эпостук чыгармаларды окуп-үйрөнүү методикасы, анын Манас таануу курсун окутуудагы өбөлгө катары ички мүнөзүн ачуу милдетин аркалаган, андан соң Манас таануу курсун изилдөөнүн жана окуп-үйрөнүүнүн эксперименталдык методдору жана анын жыйынтыктары, “Манас” таануу курсу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттин мазмуну, максат-милдеттерин чечмелеген, педагогикалык эксперименттин жүрүшүн жана анын жыйынтыктарын аныктаган.

Экинчи главанын Манас таануу курсу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары параграфында Кыргыз Республикасындагы беш жогорку окуу жайынын (Ош технологиялык университети, Ош мамлекеттик университети, Кыргыз - Өзбек университети, Ош гуманитардык-педагогикалык институту, Жалал-Абад мамлекеттик университети) алдыңкы окутуучуларынын тажрыйбалары менен таанышып, алар менен бирге иш алып барууда Манас таануу курсун окутуу маселесинин көп көйгөйлөрү, учурда чечилүүгө тийиш болгон маселелери менен таанышып чыгып, алардын негиздүү деп табылган ыкмаларын өркүндөтүүгө аракет кылган.

Диссертациянын 111-бетинде: “Эпикалык чыгармалардын мазмуну менен таанышкан студенттер кыргыз элинин эң бир кыйын, эң бир татаал окуяларды башынан өткөрүп, кээде биригип, кээде чачылып, кээ учурларда таптакыр жок болуп кетүү коркунучуна кабылганда, дал ушул оозеки чыгармалар, алардагы баатыр уулдардын духу жана жеңиши, алардын

коргоосу астында бири-бирине жөлөк-таяк болуп, бирине-бири дем күч берип, өксүгүн басып, сооротуп ушул күндөргө жеткенинен кабардар болушуп, азыркы күнүнө шүгүр кылып, элинин өткөнүн эске алуу менен учурдагы жашоосунун убактылуу кыйынчылыктарын жеңе билип, түрдүү жагдайларды акыл калчап чече билүүгө үйрөнүшөт. Студенттер кенже эпостордун мазмуну менен таанышуу аркылуу кыргыз элине мүнөздүү төмөндөгүдөй кулк-мүнөздөрдүн болгондугунан кабардар болушат: баатырдык, кайратмандык, боорукердик, эрдик, каармандык, акылдуулук, айлакердик, жөнөкөйлүк, иш билгилик, даанышмандык ж.б. »-деп белгилөө менен жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутууга түздөн-түз өбөлгө, анткени "Манас" үчилтиги ошол эпикалык тектеги чыгармалардын башында турган уникалдуу чыгарма, ансыз, балким, кыргыздын эпикалык чыгармаларын элестетүү мүмкүн эместигин ачып берген.

Ал эми диссертациянын 132-бетинде: ""Манас" эпосун окутуп, аны тереңден түшүндүрүп, жайылтуу иш-аракеттери келечектин ээси болгон жаштардын жашоо-турмушунун фундаментинин бышык болушуна абдан чоң, болуп көрбөгөндөй эбегейсиз зор салым кошо алат. Албетте, окутууда педагогика менен психология илимдери менен байланышта окутуу негизги маселелерден. Себеби, окутуунун кандай гана орчундуу маселелери болбосун, ал студенттердин жаш курагын, аң-сезимин, ой-жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын жана турмуштук жагдайларды өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, ылайыкталышы шарт"- деген ойду айтуу менен студенттердин жан дүйнөсүн учурдун татаал жана албуут келген дүйнөнүн агымына даярдоо зарылдыгын белгилеген.

Үчүнчү глава "Манас таануу курсун заманбап технологиялар менен өркүндөтүүнүн методикасы" деп аталып, эки ири маселе каралган. Асыресе, Манас таануу курсун окутуунун компоненттери, педагогикалык заманбап модели, аны окутуудагы заманбап технологиялары, жогорку окуу жайларындагы студенттерге "Манастын" осуяттарын үйрөтүүнүн заманбап

технологиялары параграфтарынан туруп, кыргыз элинин улуттук сыймыгы аталган "Манас" эпосун даңктоо менен элибиздин бүгүнкү ааламдашуу (глобализация) мезгилинде ар кандай куракагы адамдарды коомдун учурдагы абалына карата болгон мамилесин эске алып, өздөрүн маданияттуу алып жүрүүгө, жараткандын берген кооз жаратылышы менен кен байлыктарына аяр мамиле кылууга жана келечек муунга татыктуу тарбия берүүгө жардамга келе турган "улуттук этиканын" өзөгү "Манас" эпосунан алынгандыгы баяндалган.

Жети осуяттагы камтылган ой-түшүнүктөрдү мурдатан эле элибиз жогору баалап, ата-бабанын осуяты, калтырган ыйык, кымбат мурасы катары эсептеп, өз турмушунда дайым кеңири пайдаланып келген. Жогорудагы аталган осуяттар улуттук идеологиянын негизгилеринин бири. Булардын да идеялары толук ачылып берилген.

Диссертациянын 174-бетинде: "Эпостун маңызы изилдөөчүлөр үчүн улам жаңы мейкиндикти ачууну талап кылат. "Манас" эпосу – кыргыздардын улуттук идеологиясынын пайдубалы десек болоор эле. Эпостун өзөгүндө мамлекеттүүлүктү бекемдөө жана өнүктүрүү үчүн "жазылбаган изги (нукура) мыйзамдар" орун алган. Демек, азыркы ааламдашуу учурунда, элибизге жол көрсөтүп бере алган "нукура кыргыз мыйзамдары" менен студенттерди тарбиялай алсак, анда биз келечектен көптү күтсөк болот. Ал үчүн "Манастын" өзөгүн (тулкусун) жаш муундарга, өспүрүмдөргө, деги эле ар кандай куракагы кыргыз баласынын жүрөгүнө жеткирүү башкы максат"-экендигин белгилөө менен максатты ишке ашыруу жогорку окуу жайларынын студенттеринен өз тарыхын жакшы билген келечектин мыкты адистерин мына ушул эпостун негизинде жетилтип, анын "руханий азык" экендигин туйдуруп, бүгүнкү күн менен байланыштырып, андан ары аны өз турмушунда пайдалана билүүгө үйрөтүү керектигин айтып өткөн.

Төртүнчү главада "Манас таануу курсун окутууда ээ болуучу компетенциялар жана курстун тарбиялык маани-маңызы" деген аталышта болуп, Манас таануу курсун окутуп жаткан окутуучу жана студенттер ээ

болуучу компетенциялар, аларга коюлуучу талаптар, ошондой эле айтылган компетенцияларга жетүү үчүн билим-билгичтиктерге коюлуучу талаптар, Манас таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду, милдети тууралуу жазылган.

Главада окутуучулардын алдына коюлган талаптар менен студенттер ээ болуучу компетенциялар такталган, атап айтканда: адабий-теориялык компетенттүүлүк, илимий-изилдөөчүлүк компетенттүүлүк, социалдык-личносттук компетенттүүлүк, маданий-коммуникативдик компетенттүүлүк, таанып –билүүчүлүк компетенттүүлүк жана уюштуруучулук-башкаруучулук компетенттүүлүктөр. Алар ар бири өз алдынча сыпаттоолору жана мисалдары менен берилген.

"Манас" таануу курсун окутуп жаткан окутуучуга коюлуучу талаптар жана студенттер ээ болуучу компетенциялар, аларга коюулуучу теориялык - практикалык талаптар параграфынын 228-бетинде: "Манас таануу предметин үйрөтүүдөгү "компетенциялар" ага коюлуучу билим, билгичтик жана көндүмдөгү талаптар, ал эми "компетенттүүлүк" - ошол талаптарга иш жүзүндө ээ болуу жана аны практикада ишмердик менен колдоно билүү. Иш жүзүндө компетенттүүлүктөр билимдин мазмунун жүзөгө ашыруучу каражаттар аркылуу, тактап айтканда программалык окуу материалдарын өздөштүрүүнү уюштуруучу көнүгүүлөр, машыгуулар аркылуу калыптанат. Андан алган натыйжалар студенттин компетенттүүлүктөрүн калыптандыруучу кызмат кылат. Алар аркылуу студенттин жөндөмдүүлүгү өсөт, окуу ишмердиги байыйт, күндөлүк, социалдык жана турмуштук түрдүү көйгөйлөрдү тил аркылуу чечүүгө жарай турган мүмкүнчүлүккө ээ болот"- деп азыркы ачык, демократиялык коом үчүн лидерликке умтулган, жеке өзүнүн туруктуу позициясы бар, ошол эле учурда башка бирөөлөрдүн да позициясы бар экенин билип, өз учурунда аларды кабыл алууга, сыйлоого, баалоого даяр болгон жана топ менен, эл менен бирдикте биргелешип иштей ала турган инсанды тарбиялоо зарыл экендигин баса белгилеген.

Диссертациянын 244-бетинде: “Ар бир тарбиялануучу, ал мейли мектеп окуучусу болсун, мейли ал ЖОЖдун студенти болсун – чөйрөнүн агымы менен эмес, улуттук салт, мурас, нарк-насилдерди аңдап түшүнүү аркылуу өзү катышуучу катары аралашып, өз алдынча кызыгып, анализ жүргүзүп, андан улам жыйынтыгында өз чөйрөсүнөн айырмаланып алысты караган, татыктуу инсан болууга аракет кылуусу керек. Андыктан тарбия бул келечектеги мыкты атуулду даярдоонун негизги куралы болуп саналат. Бирок, тарбия менен катар баланын инсан катары калыптануусуна чөйрөнүн да тийгизген таасири зор”-деп айтуу менен ошол идеяларды азыркы студенттерге жеткирүү багытын көздөгөн.

Диссертациялык изилдөө Манас таануу курсун жогорку окуу жайлардагы студенттерге окутуу көйгөйүнө арналуу менен окутуучулардын адабий-теориялык, кесиптик компоненттүүлүгүн, чыгармачылык ишмердүүлүгүн жогорулатууга жардам берип, курсту үйрөтүү процессинде окутуучулардын методикалык ишмердүүлүгүн жогорулатууга жардам берет. Диссертациялык изилдөөдө мына ушул максаттарды ишке ашыруу менен төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарган:

“Манас” таануу дисциплинасы боюнча илимий-теориялык адабияттарды талдоо аркылуу бул курстун ааламдашуу доорундагы функцияларын, аталган дисциплинанын жаштарды окутуп тарбиялоодогу ордун жана маанисин аныктоо болгондуктан, ага ылайык “Манас” эпосунун азыркы массалык маданияттын таасиринде турган жогорку окуу жайларындагы студенттерге таалим-тарбиялык таасири канчалык зарыл экендигин, алардын мекенчил, адептүү инсан болуп калыптанышында, эне тилин өздөштүрүүсүндө бул чыгарманын баа жеткис ролу бар экендигин далилдеген. Аталган көйгөйдү аныктоо үчүн педагог-окумуштуулардын, адабият таануучулардын, психологдордун, маданият өкүлдөрүнүн пикирлерине таянып, ал пикирлерди эмгегинде чагылдырган.

“Манас” таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына, анын изилденишине талдоо жүргүзүүгө, бул курсту окутуунун методологиялык

таянычтарын көрсөтүүгө аракет жасалып, окуу китептерин изилдеген. Темага тиешелүү адабиятчы, методист окумуштуулардын эмгектерине анализ берилип жана темага ылайык философиялык, адабият таануучулук, педагогикалык багыттагы методологиялык эмгектерди тарыхый-хронологиялык тартипте анализ берилген.

Изилдөө ишин жүргүзүп баштоонун алдында адеп аныкталган милдеттердин биринчисине ылайык учурдагы окутуу процессинин шарттарына жараша республиканын жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуунун методологиялык негизин аныктоо иштери жүргүзүлгөн.

Курстун обьекти, предмети, мазмуну, анын багыттары жана структурасы аныкталган. Курсту окутуунун заманбап технологиялары иштелип чыккан жана экспериментке коюлган, конструкциялап окутуу, деталдаштырып үйрөтүү, дебат ыкмасы, долбоорлоо жана интеграциялап окутуу жолу, мында интеграциялап окутуунун (удаалаш, жарыш, курчама, тутумдаш) типтери сунушталган.

Диссертацияда ар кандай изилдөөлөрдө колдонулуучу салтка айланган методдорду (илимий-теориялык, практикалык-эмпирикалык, эксперименталдык жана статистикалык) колдонгон. Илимий-теориялык методдун алкагында тандалып алынган темага байланыштуу нормативдик документтер, адабий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер талдоого алынган, жалпылаштырылган, жыйынтыгында аткарыла турган илимий изилдөөнүн жумушчу божомолу негизделген.

Манас таануу дисциплинасынын мазмунун аныктоого коюлуучу талаптарды иштеп чыгуу жана аларды илимий жактан негиздөө, окуу материалдарынын педагогикалык шарттарын, окутуунун дидактикалык принциптерин, студенттер ээ болучу компоненттүүлүктөрдү аныктоо иштери аткарылган.

Эмпирикалык-практикалык методдун алкагында байкоо, аңгемелешүү, сурамжылоо, анкета толтуруу, тест жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын

анализдөө жана синтездөө, сабактарга катышуу, талдоо, тажрыйбаларды үйрөнүү иштери жүргүзүлгөн.

Курс боюнча практикалык-методикалык иштелмелер түзүлүп, “Манас” таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү концепциясы иштелип чыккан.

Тажрыйбалык-эксперимент мезгилиндеги аныкталган кемчилдиктер менен жетишилген ийгиликтердин пайыздык катышы аныкталып, изилдөөдөгү жалпылыктар, өзгөчөлүктөр жана айырмачылыктардын көрсөткүчтөрү сунуш кылынган.

Изилдөөнүн корутунду-сунуштары ишенимдүү жасалган, алар коюлган милдеттердин чечилишине баш ийдирилген.

Докторант З.А.Зулпуев изилдөөгө жаңыча мамиле кылып, көтөрүлгөн бардык көйгөйлөрдү бүгүнкү күндүн талабына ылайык иштеп чыгууга жетишкен.

Илимий эмгек боюнча айрым бир сунуштарды айта кетсек:

1. “Манас” эпосундагы кездешкен кээ бир түшүнүктөргө, көөнө сөздөргө тереңирээк түшүндүрмө берилсе жакшы болмок.
2. Сабакты интеграциялап окутууга көбүрөөк басым коюлса, сабактын натыйжалуулугун арттырмак.

Бул айтылгандар диссертациянын илимий-методикалык аппаратына, түзүлүшүнө, жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт. Диссертация өз алдынча аткарылган илимий-изилдөө иш катары саналат жана докторант алдына койгон милдеттерин толук аткара алган деп эсептөөгө болот.

**Жыйынтыктап айтканда,** Зулпуев Ашим Зулпуевичтин “Жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери”-деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, диссертациялык иши жана анын автореферати Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды

берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору З.А.Зулпуев аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университетинин казак тили жана адабияты кафедрасынын профессору,**
**педагогика илимдеринин доктору** **Сманов Б.У.**

РАСТАЙМЫН: Абай атындағы ҚазҰПУ
ПЕРСОНАЛДЫ БАСҚАРУ БӨЛІМІНІҢ БАСТЫҒЫ
ЗАВЕРЯЮ: НАЧАЛЬНИК ОТДЕЛА ПО УПРАВЛЕНИЮ ПЕРСОНАЛОМ КазНПУ имени Абая
ҚОЛЫ
ПОДПИСЬ

Дата поступления в ДС Д 13.18.580
08.06.2020 г.
Секр.: Оф Омурбаева Д.К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ